DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 4, 2022

*Байженова Г., Жороева Э.С.*

# БУЙРУК ИРЕТИНДЕГИ ИШ ЖАРАНДЫК СОТ ИШИНИН ТҮРҮ БОЛУП САНАЛАТ

*Байженова Г., Жороева Э.С.*

# СУДЕБНЫЙ ПРИКАЗ ЯВЛЯЕТСЯ ФОРМОЙ ГРАЖДАНСКОГО СУДОПРОИЗВОДСТВА

*G. Baizhenova, E. Zhoroeva*

# A COURT ORDER IS A FORM OF CIVIL PROCEEDINGS

*УДК: 34.347*

*Жашоо турмушта жана мыйзам ченемдеринде белгиленген жагдайларда ар түрдүү иштерге дуушар болот жана бузулган укугун коргоо максатында сот органдарына арыз талап менен мыйзам ченеминде кайрылууга муктаж болушат. Кыргыз Республикасынын мыйзам ченемдик актыларына кошумча өзгөртүүлөр кирип турат эмеспи. Ошондой эле буйрук өндүрүшү жарандык иш жаны институт иши сотто кароодо башка жарандык иштерге караганда өзгөчөлүккө ээ жана айырмасы бар. Буйрук өндүрүш сотто иши кароодо мөнөттүү, сот жыйналышы жүргүзүлбөйт жана соттук буйрук чыгарылат ал соттун токтому ошол эле учурда аткаруу барак болуп эсептелет, ушундай бир топ кыскартылган жагдайлар, процессуалдык эрежелери көрсөтүлгөн. Атасы жашы жете элек балдарына алимент төлөбөйт же материалдык жардам көрсөтпөйт. Ата-эне болгондон кийин алар никеден өткөндөн баштап бири-бирине кам коруууго,балалуу болгондон баштап, бала бойго жеткенге чейин аларды багуу, тарбия берүү, камкордук кылуу ата-энелерге жүктөлгөн. Же ноториалдык күбөлөндүрүлгөн мидеттенмени аткарбай коюу, же жөнөкөй формада тил кат менен акча каражатын карызга алып убагында кайтарбай койуу ж.б.*

***Негизги сөздөр:*** *соттук буйрук, токтом, жарандык процесс, мөөнөт, тараптар, чыгым, өндүрүүчү, карызкор.*

*Жизнь и обстоятельства, установленные нормами закона подвергаются различным действиям и в целях защиты нарушенного права нуждаются в законном обращении с заявлением в судебные органы. В нормативные правовые акты Кыргызской Республики вносятся дополнительные изменения. Также приказ производство гражданское дело новое дело имеет свою особенность и отличие от других гражданских дел при рассмотрении дела в суде. Производство приказа при рассмотрении дела в суде однообразно, судебное заседание не ведется и издается судебный приказ, который постановлением суда одновременно является исполнительным листом, в котором указаны такие значительно сокращенные обстоятельства, процессуальные правила. Отец не выплачивает алименты и не оказывает материальную помощь несовершеннолетним детям. Родители возлагались на родителей заботиться друг о друге с момента вступления в брак, с момента рождения ребенка и до достижения ребенком совершеннолетия. Или неисполнение предписания, оформленного в произвольной форме, или несвоевременный возврат денежных средств в долг под расписку и т.д.*

***Ключевые слова:*** *судебный приказ, постановление, гражданский процесс, срок, стороны, расходы, взыскатель, должник.*

*The life and circumstances established by the norms of the law are subject to various actions and in order to protect the violated right, they need to legally apply to the judicial authorities. Additional amendments are being made to the regulatory legal acts of the Kyrgyz Republic. Also, the civil case order a new case has its own peculiarity and difference from other civil cases when considering a case in court. Also, the civil case order a new case has its own peculiarity and difference from other civil cases when considering a case in court. The production of an order during the consideration of a case in court is monotonous, the court session is not conducted and a court order is issued, which is at the same time a writ of execution, which specifies such significantly reduced circumstances, procedural rules. The father does not pay alimony and does not provide financial assistance to minor children. Parents were entrusted to parents to take care of each other from the moment of marriage, from the moment of birth of the child and until the child reaches adulthood. Or non-fulfillment of a prescription issued in any form, or untimely repayment of funds in debt against a receipt, etc.*

***Key word:*** *court order, resolution, civil procedure, term, parties, expenses, recoverer, debtor.*

Жашоо турмушта жана мыйзам ченемдеринде белгиленген жагдайларда ар түрдүү иштерге дуушар болот жана бузулган укугун коргоо максатында сот органдарына арыз талап менен мыйзам ченеминде кайрылууга муктаж болушат. Кыргыз Республикасынын мыйзам ченемдик актыларына кошумча өзгөртүүлөр кирип турат эмеспи. Ошондой эле буйрук өндүрүшү жарандык иш жаңы институт ишти сотто кароодо башка жарандык иштерге караганда өзгөчөлүккө ээ жана айырмасы бар. Буйрук өндүрүшү сотто ишти кароодо мөөнөтү, сот жыйналышы жүргүзүлбөйт жана соттук буйрук чыгарылат ал соттун токтому ошол эле учурда аткаруу барак болуп эсептелет, ушундай бир топ кыскартылган жагдайлар, процессуалдык эрежелери көрсөтүлгөн. Атасы жашы жете элек балдарына алимент төлөбөйт, же материалдык жардам көрсөтпөйт. Ата-эне болгондон кийин алар никеден өткөндөн баштап бири-бирине кам көрүүгө, балалуу болгондон баштап, бала бойго жеткенге чейин аларды багуу, тарбия берүү, камкордук кылуу ата-энелерге жүктөлгөн. Же нотариалдык күбөлөндүрүлгөн мидеттемени аткарбай коюу, же жөнөкөй формада тил кат менен акча каражатын карызга алып убагында кайтарбай коюу ж.б.

***Кызматкерге эсептелген, бирок төлөнбөгөн эмгек акыны өндүрүү боюнча***. Булардын баары жарандык иш катарында чечилүүгө жатат, бирок мындай иштерди сотто кароо боюнча кыскартылган же талашсыз жагдайлар боюнча буйрук өндүрүш институту ишке киргизилген. Бул жаны институт десек да бо-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



лот. Мүнөзү жагдайы боюнча жарандык иш болгону менен процессуалдык иш жүргүзүү эрежеси доо өндүрүшүнө караганда кыскартылган мөөнөттө, соттук териштирүүсүз, тараптардын катышуусуз, ошол эле учурда соттук буйрук аткаруу барагы болуп эсептелет. Иштин бул түрү сотторго гана эмес жарандарга да өзгөчө ыңгайлуу шарт болуп калды. Биринчиден убакыт үнөмдөлүп жатат жана талашсыз бардык далилдери болгон жагдайлар менен иш каралат, соттун буйругу чыккан кийинки күндөн аткарууга берилип жатат.

Негизги мыйзамыбыз Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык «Ар бир жаран бузулган укугун сотто коргоого алууга жана эркиндиги гарантияланган» деп жазылган. Жарандык процессуалдык укук өз алдынча тармак, анткени бардык жарандык иштер, талаш-тартыштар коомдук мамилени да сот ишин жүргүзүү аркылуу жөнгө салынат.

Буйрук иретиндеги иш жарандык сот ишинин түрү болуп саналат. Бул карызкорлорго карата талаштарды мыйзамдуу формада жана тартипте калыптанган кынтыксыз документтер менен негизделген кредиторлордун укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоонун жеңилдетилген формасы.

**Соттук буйрук акча суммаларын төлөтүү жөнүндө же карызкордон кыймылдуу мүлктү талап кылуу жөнүндө кредитордун арызы боюнча чыгарылган судьянын токтому түрүндөгү укук колдонуу актысы.**

**Соттун буйругу** – өндүрүп алуучунун арызына жараша судья жеке өзү чыгаруучу судьянын токтому. Соттун буйругу бир эле убакта аткаруу документи болуп саналат жана соттун актыларын аткаруу үчүн жана аткаруу өндүрүшү жөнүндө мыйзамдарда белгиленген тартипте аткарууга жатат.

Буйрук иретиндеги иш аткаруучу жазууну берген нотариалдык аракеттерге үндөш, анда “Нотариат жөнүндө” мыйзамдын 83-86-беренелерине ылайык, - акчаны алуу же кайтарып берүү же мүлктү берүү боюнча аныкталган нотариалдык келишимге негизденген нотариус тарабынан чыгаруу жана аткаруучу баракча бербестен, аткарууга жаткан аткаруу документи болуп саналат.

Бул жеңилдетилген процесстик формада ишти кароонун негизги шарты жоопкер тараптан талаштын жоктугунда.

Буйрук иретиндеги иштин дагы бир өзгөчөлүгү ишти козгоо кредитордон гана көз каранды болгондугунда, ал өзүнүн тандоосу боюнча арыз берүүнүн ордуна карызкорго карата сотко доо арыз менен кайрылып, иш доо ишинин тартибинде каралат. Соттун буйругу судьянын токтомун билдирет. Кыргыз Республикасынын ЖПКнын талабына ылайык карызкордон акча суммасын өндүрүү же кыймылсыз мүлк талап кылуу жөнүндө өндүрүүчүнүн арызы боюнча судья тарабынан жеке чыгарылат. Соттун буйругу бир эле учурда аткаруу документ болуп саналат жана аткаруу иши жөнүндө ушул Кодексте жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында соттун актыларын аткаруу үчүн белгиленген тартипте аткарылат.

Бирок, соттук буйрук башка административдик жана экономикалык иштер боюнча жарандык сот ишин жүргүзүү тартибинде каралуучу иштерге жайылтылбайт.

Соттун буйругу – буйрук иретиндеги ишти кароонун жыйынтыгында чыгарылган соттук актынын өз алдынча түрү. Соттун буйругун чыгаруу жөнүндө арыз сот жыйынында өткөрбөстөн, тараптарды чакыруусуз сот тарабынан жекече каралат. Буйрук иретиндеги иште доогер жана жоопкер жок, ал эми тараптар **чыгым өндүрүүчү жана карызкор деп** аталат.

Буйрук иретиндеги ишти козгоо демилгеси чыгым өндүрүүчүнүн (буйрук чыгаруу үчүн негиз болгон жагдайлар боюнча кредиторго) же ЖПКнын беренелеринин талабына ылайык, ыйгарым укуктары тастыкталган анын өкүлүнө таандык болот. Буйрук иретиндеги иштин предмети талашсыз мүнөздөгү жана ЖПКда каралган, тагыраак айтканда, акча каражатын өндүрүп алуу жана кыймылдуу мүлктү талап кылууга байланыштуу талаптарга ылайык, - документалдуу түрдө тастыкталган материалдык-укуктук мамилелер болуп саналат.

КР Жогорку Сотунун Пленумунун 2008- жылынын 12-июндагы №16 “Соттук чечим жөнүндө” токтомунда соттун буйругу талашсыз талаптар боюнча чыгарылары көрсөтүлгөн.

Соттун буйругу бардык мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, кызмат адамдары, уюмдар жана жарандар үчүн милдеттүү болуп саналат жана Кыргыз Республикасынын аймагында милдеттүү түрдө аткарууга жатат (ЖПК 14-берене). Сот жарандык иштер боюнча соттук актыларды чечим, буйрук, аныктама жана токтом түрүндө кабыл алат. Бул чыгарылган соттун актылары күчүнө киргенден кийин мыйзамдын талабына ылайык сөзсүз аткарылууга жатат.

Сот буйругунун өзгөчөлүгү башка сот актыларынан айырмаланып, аларды аткаруу үчүн аткаруу кагазын берүү талап кылынбайт, анткени сот буйругу аткаруу документи болуп саналат жана аткарууга жатат. Ошондой эле соттун буйругу бюджеттин кирешеси үчүн мамлекеттик алым өндүрүү боюнча соттун буйругун аткаруу үчүн да аткаруу баракчасын берүү талап кылынбайт. Ошондуктан буйрук иретиндеги сот ишинде бир тарап (өндүрүп алуучу же карызкор) жаран болушу керек.

Юридикалык жактардын (жеке ишкерлер) ишине байланыштуу талаптар боюнча сот буйругу чыгарылбайт.

Соттун буйругу төмөнкү учурларда берилет:

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



1) Эгерде талап нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн бүтүмгө негизделсе;

2) Эгерде талап жөнөкөй жазуу жүзүндө жасалган бүтүмгө негизделингенде;

3) Эгерде талап нотариус тарабынан күбөлөндүрүлгөн төлөбөй коюу векселине протестке, бей акцептке же акцептке дата койбой коюуга негизделингенде;

4) Эгерде аталыкты аныктоо, аталыкты (энеликти) талашып-тартышуу же үчүнчү жактарды тартуу зарылчылыгы менен байланышпаган бойго жете элек балдарга алиментти өндүрүү жөнүндө талап билдирилсе;

5) Эгерде салыктар жана башка милдеттүү төлөмдөр боюнча калдыктарды жарандардан өндүрүү жөнүндө талап коюлганда;

6) Эгерде кызматкерге эсептелген, бирок төлөнбөгөн эмгек акыны өндүрүү жөнүндө талап коюлганда;

7) Жоопкерди же карызкорду жана анын мүлкүн, ошондой эле карызкордон соттун чечими боюнча тартып алынган баланы издөө боюнча чыгымдардын ордун толтуруу жөнүндө ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар тарабынан талап билдирилсе;

8) Турак жай-коммуналдык кызмат көрсөтүүлөргө жана электр байланыш кызмат көрсөтүүлөрүнө акы төлөө боюнча карызды өндүрүү жөнүндө талап билдирилсе;

Сот буйрук иретиндеги ишти кароодо сот буйругу чыгарыла турган талаптардын тизмегин карайт. Бул талаптардын бардыгы акча өндүрүп алууга же кыймылдуу мүлктү суратып алууга байланыштуу, бул ЖПКнын 246-беренесинин 1-пунктунда түз берилген ЖПКнын беренесинин талабына ылайык каралган сот буйругун чыгаруунун негиздерин карасак:

1) талап нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн бүтүмгө негизделет.

Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 174-беренесинин 1-пунктуна ылайык, бүтүм өөзеки же жазуу түрүндө түзүлөт (жөнөкөй же нотариалдык). Бүтүмдүн нотариалдык түрү мыйзамда каралган учурларда же тараптардын талабы боюнча түзүлөт.

Нотариалдык күбөлөндүрүлгөн бүтүмдөр сот буйругун чыгаруу үчүн негиз боло алат. Мындан тышкары нотариалдык күбөлөндүрүлгөн бүтүм нотариус тарабынан аткаруу жазуусун чыгарууга негиз болот («Нотариат жөнүндө» мыйзамдын 83-86-беренелери). Ошондуктан, кызыкдар тараптар бул учурда тандоо укугуна ээ же буйрук иретинде же доо сот иши катары сотко кайрылууга, же нотариустун аткаруу жазуусун алууга укуктуу, ушундан кийин аны сот аткаруу кызматынын тийиштүү бөлүмдөрүнө кыйшаюусуз аткарууга берет.

2) Талап жөнөкөй жазуу жүзүндө жасалган бүтүмгө негизделет.

Жазуу жүзүндөгү жасалган бүтүмдөргө негизделген талаптар буга башка да шарттар болсо, сот буйругун чыгаруу үчүн негиз боло алат.

Мындай талапты кароодо сот төмөндөгүлөргө ынанышы керек:

– бул бүтүм мыйзамдын талаптарына ылайык түзүлгөнүнө (бардык жазуу жүзүндөгү бүтүмдөргө мыйзамда каралган жалпы жана бул түрдөгү бүтүмдүн өзгөчө талаптарына).

– өндүрүп алуучу кредитордун талашсыз укукту тастыктаган милдетинин аныктыгына (КР Жогорку сотунун Пленумунун 2006-жылдын 29-ноябрындагы №6 “Займ келишими боюнча талаштарды чечүүдөгү соттук практикадагы айрым маселелер жөнүндө” - токтомунун 3-пункту);

– документте талап кылынган акчанын өлчөмү же кыймылдуу мүлктү суратып алуунун жеке белгилери так көрсөтүлүшү керек. Буйрук иретиндеги иште бүтүм боюнча милдеттерди аткарбай коюудан келип чыккан зыяндар өндүрүлүп алынбайт.

Ошондой эле коммуналдык төлөмдөр боюнча карыздын суммасы буйрук иретиндеги сот ишинин тартибинде өндүрүлбөйт, анткени керектөөчүнүн тийиштүү уюм менен түзүлгөн келишиминде төлөмдүн көлөмү белгиленбейт;

– талап мыйзам менен белгиленген доонун эскиргендигинин мөөнөтү аяктагандан кийин коюлат.

3) Талап нотариус тарабынан күбөлөндүрүлгөн төлөбөй коюу векселине протестке, бейакцептке же акцептке дата койбой коюууга негизделет.

Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 46-беренесине ылайык, вексель баалуу кагаз болуп саналат, ал вексель берүүчүнүн (жөнөкөй вексель) же башка көрсөтүлгөн вексель төлөөчүнүн (көчүрмө вексель) эч нерсе менен негизделбеген милдеттерин күбөлөндүргөн баалуу кагаз.

Векселди прөтест кылуу векселди кармоочуга же анын ыйгарым укуктуу өкүлүнө берилет жана сот буйругун чыгарууга негиз болот. Нотариустун жеке адам же юридикалык жакка же жеке ишкерге карата жасалган векселди протест кылууга негизделген талаптар боюнча сот буйругу чыгарылат жана буйруктук иш тартибинде аткарууга жатат. Муну менен катар өндүрүп алуучу векселге протест коюлганы же коюлбаганына карабастан, кадимки доо арызы менен кайрылууга укуктуу.

Бул учурда доо арызы жалпы талаптарын сактоо менен жалпы юрисдикциядагы сотко берилет.

4) аталыкты аныктөө, аталыкты (энеликти) талашып-тартышуу же үчүнчү жактарды тартуу зарылчылыгы менен байланышпаган бойго жете элек балдарга алиментти өндүрүү жөнүндө талап.

Бул жагдай боюнча мыйзамга ылайык, өндүрүп алуучу тарабынан бир эле убакта аталыкты аныктоо жөнүндө арыз берилип, ошондой эле башка тарап ата-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



лыкты “энеликти” талашкан учурда жана зарыл болгондо башка кызыктар тарапты тартуу менен сот чечими чыгарылышы мүмкүн эмес.

**Бул жагдайлардын баары талаштын бардыгын күбөлөндүрөт, мындай шартта сот буйругу чыгарылбайт.**

Жашы жете элекке алимент өндүрүп алуу жөнүндө ишке катышуу үчүн башка адамдарды да тартуу зарылчылыгы мындай талап коюлган ата-эне соттун чечими боюнча башка жактарга (балдар, ата-энелер) алимент төлөп жүргөн болсо келип чыгат. Жаңы талапты канаттандыруу алименттердин же Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодексинин 86-беренесинин 2-пунктуна, 124-беренесине ылайык төлөнүп жүргөн башка төлөмдөрдүн өлчөмүн азайтуу жөнүндө доо коюуга алып келиши мүмкүн, ошондуктан мындай иш алиментти биринчи алган адамды жоопкер тараптагы үчүнчү жак катары ишке тартуу менен доо өндүрүш иши тартибинде каралат.

Сот буйругунун негизинде балдарга алимент белгилүү акча суммасында өндүрүлүп алынбайт, анткени бул маселени чечүү мыйзам мындай өндүрүп алуу мүмкүнчүлүгүн караган карызкордун дайым бөлүп түрбаган, өзгөрүлмөлүү айлыгы (кирешеси) анын айлык акысын толук же бир бөлүгүн алуусу, анда маяна же киреше жок болгондугу, тараптардын материалдык жана үй-бүлөлүк абалы ж.б. жагдайлардын барын же жогун текшерүү зарылчылыгы менен байланышкан. Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодексинин 85,89-беренелерине ылайык, жашы жете элек балага алимент өндүрүп алуу жөнүндө талап ата-эненин бири же экөө тарабынан же башка ата-энелер, багып алган ата-энелер, үй-бүлөнү жана балдарды колдоо бөлүмү, кам көрүүчү же кабыл алган ата-эне, бала тарбияланып жаткан балдар мекемесинин администрациясы тарабынан коюлат. Булардын баары сот буйругун чыгаруу жөнүндө иш боюнча арыз берүүчүлөр болуп саналат.

Мисалы, кызматкерге эсептелген, бирок төлөнбөгөн эмгек акыны өндүрүү жөнүндө талап, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин талабына ылайык, кызматкерге эмгек акы айына бирден кем эмес жолу төлөнүп берилет, эмгек акыны төлөп берүү мөөнөтү жамааттык келишим же уюмдун өзүнө таандык ченемдик актысы менен белгиленет. Жумуш берүүчү тарабынан эмгек акыны төлөө мөөнөтүн бузуу кызматкердин жана анын үй-бүлөсүнүн мүчөлөрүнүн укуктарын бузгандык болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин мыйзамдын талабына ылайык, жеке эмгек талашы боюнча комиссия, мамлекеттик эмгек инспекциясы жана сот органдарына талап менен кайрылууга жатат.

Ошондуктан бөлүнгөн, бирок төлөнүп бериле элек эмгек акы жөнүндө талабы менен кызматкер буйрук иретиндеги иш тартибинде сотко кайрылууга укуктуу. Эгерде, берилген документтерден укук жөнүндө талаш бар экени аныкталса, сот Жарандык процессуалдык кодекстин 249-беренесинин жана ушул эле кодекстин 137-138 беренелеринин негизинде сот буйругун чыгаруу жөнүндө арызды кабыл алуудан баш тартууга милдеттүү. Тыйындын суммасын жана эмгек акыны индекстөө суммасын сот буйругу боюнча өндүрүп алууга болбойт, анткени бул суммалар эмгек акыга жатпайт.

Карызкорду же баланы издөөнү жарыялоо жөнүндө маселе сот аткаруучунун өзүнүн демилгеси же өндүрүп алуучунун арызы боюнча көрсөтмөсүнө ылайык, сот аткаруу кызматынын бөлүгү жайгашкан жер боюнча сот тарабынан каралат.

Жоопкерди издөө боюнча чыгымдар ички иштер органдарынын арызы боюнча, эгерде бул органдар берген документтерде укук жөнүндө талаш каралбаса, соттун буйругу аркылуу өндүрүлүп алынат. Муну менен катар издөө буюнча чыгымды өндүрүп алуу үчүн сот буйругун чыгаруу жөнүндө арыз менен ички иштер органдары сотко кайрыла алышат. Соттүн бойрогон берүү жөнүндө арыз ушул Кодекстин талабы белгиленген тартипте сотко караштуулуктун жалпы эрежелери боюнча берилет.

Соттун буйругун чыгаруу жөнүндө арызга” Мамлекеттик алым жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамында белгиленген өлчөмдө жана тартипте мамлекеттик алым төлөнөт. Соттун буйругун берүү жөнүндө арыз сутку ушул ЖПКнын 26,28,29,31 жана 32-беренелеринде белгиленген сотко караштуулуктун жалпы эрежелери боюнча берилет. Нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн бүтүмгө негизделген же жөнөкөй жазуу жүзүндө жасалган бүтүмгө негизделген талаптар боюнча, нотариус тарабынан күбөлөндүрүлгөн төлөбөй коюуу векселине протестке, бей акцептке же акцептке дата койбой коюууга негизделген талаптар боюнча, салыктар жана башка милдеттүү төлөмдөр боюнча калдыктарды жарандардан өндүрүү жөнүндө талаптар боюнча, кызматкерге эсептелген, бирок төлөнбөгөн эмгек акыны өндүрүү жөнүндө талаптар боюнча, жоопкерди же карызкорду жана анын мүлкүн, ошондой эле карызкордон тартып алынган баланы соттун чечими боюнча чыгымдардын ордун толтуруу жөнүндө ички иштер органы койгон талаптар боюнча сот буйругун чыгаруу жөнүндө арыз (ЖПКнын тартибине ылайык) жашаган жери **боюнча** берилет. Жашы жете электер балдарга алимент өндүрүп алуу жөнүндө талап боюнча арыз сотко караштуулуктун жалпы эрежелери боюнча да, арыз берүүчүнүн жашаган жери боюнча да берилет.

**Мисалы:** (соттук практикадан) “Мегаком” ЖЧК уюлдук байланыш кызматын көрсөтүү жөнүндө келишимге негизденүү менен К.С.дан карызды өндүрүп алуу жөнүндө сот буйругун чыгаруу жөнүндө арыз менен сотко кайрылган. Сот өндүрүп алуучунун

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



талабы канааттандырылган буйрукту чыгарат. К.С. буйрук боюнча чыгарылган соттун токтомун апелляция тартибинде даттанган. Кассациялык инстанциядагы сот ишти карап чыгып, ЖПКнын 4-пунктунда бекитилген сотко караштуулуктун жалпы эрежелери боюнча сотко берилерин көрсөтүү менен буйрукту жокко чыгарып жана ишти жайында кароо үчүн башка сотко жөнөтөт. Ал эми Жарандык-процессуалдык Кодекстин 28-беренесине ылайык, доо жоопкердин жашаган жери боюнча сотко берилет. Бул учурда «Мегаком» ЖЧКсы арызды сотко караштуулуктун эрежелерин бузуу менен берип, анын кесепетинде карызкор К.С. буйруктун чыккандыгы тууралуу кабардар болгон эмес жана ага карата талаштарга чыгууга мүмкүнчүлүгү болгон эмес. Кыргыз Республикасынын Жогорко соту Кассациялык инстанциянын токтомун күчүндө калтырган.

Арыздын формасы жана мазмуну басылма текст түрүндө берилет. Арызда соттун аталышы, өндүрүп алуучунун юридикалык жактын аталышы анын жайгашкан дареги, юридикалык дареги, банк реквизиттери, өндүрүп алуучунун жаранынын фамилиясы, ысымы, атасынын аты, жашаган жери, туулган датасы жана жери, жеке ишкер катары мамлекеттик каттоодон өткөн датасы, электрондук почталык дареги, телефону, факс номери көрсөтүлүүгө тийиш. Өндүрүп алуучунун талабы жана ал негизделген милдеттемелер, талаптын негиздүүлүгүн ырастоочу документтер тиркелет, тиркелген документтердин тизмеси көрсөтүлөт. Кыймылсыз мүлк талап кылынган учурда арызда бул мүлктүн ордуна кабыл алууга арыз ээси макул болгон акчалай сумманы көрсөтүү зарыл. Арызга өндүрүп алуучу же анын өкүлү кол коет. Өкүл бере турган арызга анын ыйгарым укуктарын ырастаган документ тиркелүүгө тийиш. Юридикалык жактын жетекчисинин койгон колу мөөр менен ырасталат.

Соттун буйругун берүү жөнүндө арызды кабыл алуудан баш тартууга төмөнкүлөр негиз болот.

Соттун буйругун берүү жөнүндө арызды кабыл алуудан судья биз жогоруда айтылгандай ушул Кодекстин 137, 138-беренелеринде каралгандан тышкары төмөнкү учурларда баш тартат:

- эгерде билдирилген талап КР ЖПКнын 246-беренесинде карабаса;
- эгерде билдирилген талаптарды ырастаган документтер берилбесе;
- эгерде карызкор Кыргыз Республикасынын сотторунун юрисдикциясынын чегинен тышкары болсо;
- эгерде документтерде укук жөнүндө талаш бар экендиги билинсе;
- эгерде, мыйзамда каралган учурларды кошпогондо, билдирилген талапка мамлекеттик алым төлөнбөсө;

Арыз сотко келип түшкөн күндөн тартып **3(үч)** күндүк мөөнөттө судья арызды кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө аныктама чыгарат, ага карата жекече даттануу (сунуштама) берилиши мүмкүн. Сот буйругу ЖПКнын 246-беренесинде саналган талаптар боюнча гана чыгарылышы мүмкүн. Ошондуктан сот өндүрүп алуучу койгон талаптар бул жободо каралбаса, сот буйругун чыгаруу жөнүндө арызды кабыл алуудан баш тартышы керек. Башка талаптар боюнча өндүрүп алуу үчүн укуктарын коргоо доо ишинде жүзөгө ашырылат.

Мисалы: (соттук практикадан): А.А. баланы багуу үчүн жөлөк пул төлөп берүү үчүн Ош айыл курулуш **мекемесине** карызын өндүрүп алуу өтүнүчү менен соттук буйрук чыгаруу жөнүндө арызын шаардык сотко берген. Сот арызды канааттандырып жана соттук буйрук чыгарат. **Апелляциялык** инстанциянын токтому менен сот буйругу жокко чыгарылып, ал эми А.Анын арызын кабыл алуудан баш тартылган. Мында облустук сот биринчи инстанциядагы камтылган 246-беренесинин талаптарын бузуу менен чыгаргандыгын көрсөтөт. А.А.нын жөлөк пулду өндүрүү боюнча талабы бул талаптарга кирбейт. Ошондуктан сотто буйрук чыгарууга эч кандай негиз болгон эмес, ал эми А.Анын арызын кабыл алуудан баш тартылышы керек болчу. Билдирилген талапты ырастаган документтер көрсөтүлгөн эмес. Сот ЖПКнын 246-беренесинде каралган өндүрүп алуучунун талабы боюнча жана бул талап документ менен тастыкталган шартта гана сот буйругун чыгарууга укуктуу. Ушундан улам өндүрүп алууну арыз берүү менен катар зарыл документтерди мисалы, нотариалдык же жөнөкөй жазуу жүзүндөгү келишим, кызматкерге эсептелген эмгек акынын өлчөмү жөнүндө маалым кат ж.б. көрсөтүлүшү керек.

Соттун буйругун берүү жөнүндө арызды кабыл алуудан баш тартуу өндүрүп алуучунун ошол эле талап боюнча **доо коюу** мүмкүнчүлүгүнө тоскоолдук кылбайт. Арызды кабыл алуудан баш тартканда, өндүрүп алуучу төлөгөн мамлекеттик алым ушул Кодекстин 108-беренесинде каралган тартипте кайтарып берилет. Өндүрүп алуучу доо өндүрүшү тартибинде карызкорго доо койгондо, төлөнгөн мамлекеттик алым төлөнүүгө тийиш алымдын эсебине чегерилет.

Соттун буйругунда төмөнкүлөр көрсөтүлөт:

1) Өндүрүштүн номери жана буйрукту чыгаруу датасы;

2) Соттун аталышы, буйрукту чыгарган судьянын фамилиясы жана инициалдары;

3) Өндүрүп алуучунун аталышы жана ал жөнүндө ушул Кодекстин 248-беренесинин 2-бөлүгүнүн 2-пунктунда каралган башка малыматтар;

4) Карызкордун аталышы жана ал жөнүндө ушул Кодекстин 248-беренесинин 2-бөлүгүнүн 3-пунктунда каралган башка маалыматтар;

5) Талапты канааттандыруу негизделүүчү мыйзам же башка ченемдик-укуктук акт;

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



6) Өндүрүлүүгө тийиш акчалай сумманын өлчөмү же талап кылууга тийиш кыймылдуу мүлктүн наркын көрсөтүү менен белгилөө;

7) Эгерде төлөтүп алынышы мыйзамда же келишимде каралса, үстөк төлөмдүн өлчөмү;

8) Карызкордон тиешелүү бюджетке өндүрүп алынууга тийиш мамлекеттик алымдын суммасы.

Соттун буйругу атайын даярдалган бланкта түзүлөт, ага судья кол коет. Соттун буйругунун бир нускасы иштин материалдарында калтырылат, башкасы аткаруу үчүн жиберилет. Сот буйругунун көчүрмөсү ушул Кодекстин 246-беренесинин 1,2,4-8-пункттарында көрсөтүлгөн талаптар боюнча соттун буйругу чыгарылгандан кийин судья кийинки күндөн кечиктирбестен анын көчүрмөсүн карызкорго анын тапшырылгандыгы кайра билдирүү шарты менен жөнөтөт.

Карызкор соттун буйругунун көчүрмөсүн алгандан кийин 10(он) күндүк мөнөттүн ичинде, билдирилген талапка өзүнүн каршы пикирин себептерин көрсөтүү менен, анын сотко келип түшүүсүн камсыз кылуучу кандай болбосун байланыш каражаттары аркылуу жиберет. Соттун буйругун жоккк чыгаруу жөнүндө карызкордун каршы пикири ал сотко келип түшкөн күндөн тартып 3 (үч) күндүн ичинде судья тарабынан каралат. Ушул Кодекстин 246-беренесинин 1,2,4-8-пункттарында аталган талаптар боюнча чыгарылган сот буйругу, эгерде билдирилген талапка карата карызкордун каршы пикири келип түшсө, судья тарабынан жокко чыгарылат, бул жөнүндө аныктама чыгарат. Соттун буйругун жокко чыгаруу жөнүндө аныктамада судья билдирген талап доо өндүрүшү тартибинде коюулушу мүмкүн экендиги жөнүндө өндүрүп алуучуга түшүндүрөт. Соттун буйругун жокко чыгаруу жөнүндө аныктаманын көчүрмөлөрү тараптарга ал чыгарылгандан кийин 3(үч) күндөн кечиктирилбестен жөнөтүлөт.

Соттун буйругу жокко чыгарылганда, өндүрүп алуучу төлөгөн мамлекттик алым кайтарылбайт. - ЖПКнын 338-беренесине ылайык, буйрукту жокко чыгаруу жөнүндө аныктама апелляция тартибинде өз алдынча даттанууга жатпайт, анткени даттануу укугу каралган эмес, ал эми аныктама ишти андан ары жылдырууга тоскоолдук кылбайт. ЖПК сот буйруктарын даттануу мүмкүнчүлүктөрүн караган жобону камтыбайт. Бирок, учурда сот буйругун апелляциялык жана көзөмөл тартибинде даттануу практикасы калыптанды. Мисалы (сот практикасынан) райондук соттун буйругу менен Д.Т.дан Б.А.нын пайдасына эки жашы жете элек балдарды багууга алимент өндүрүлүп берилген. Д.Т.балдардын бирөөсү аны менен чогу жашап, анын багуусунда экенин көрсөтүү менен сот буйругун жокко чыгаруу жөнүндө арызы менен ошол эле сотко кайрылат. Соттун аныктамасы менен арыз канаттандырылып, буйрук жокко чыгарылат. Апелляциялык инстанциянын соту соттун аныктамасын өзгөртүүсүз калтырат. Кыргыз Республикасынын Жогорку соту Б.Анын даттануусу боюнча ишти көзөмөл тартибинде карап, соттун аныктамасын жокко чыгарып, сот буйругун күчүндө калтырат. Мында сот Д.Т.сот буйругун жоккочыгаруу жөнүндө арыз берип жатып, уулу өзү менен кошо жашап жатканын тастыктаган далилдерди көрсөтпөгөндүгүн белгилеген. Ал эми иштин материалдарында эки бала тен Б.А.нын багуусунда экенин көрсөткөн тийиштүү түрдө тастыктаган далил маалым кат болгон.

Соттун буйругун өндүрүп алуучуга берет, эгерде белгиленген мөөнөттө карызкордон каршы пикир келип түшпөсө, судья өндүрүп алуучуга соттун гербдүү мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн соттун буйругун аткарууну талап кылуу үчүн берет. Өндүрүп алуучунун өтүнүчү боюнча соттун буйругун сот аткаруу үчүн жөнөтөт. Карызкордон мамлекеттик алымды бюджеттин кирешесине өндүрүп алуу үчүн сот соттун гербдүү мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн соттун буйругунун өзүнчө нускасын аткаруу үчүн жөнөтөт. Натыйжада сот буйругу сот тарабынан аткаруу баракчасын бербей туруп аткарылат. Иштин материалдарында өндүрүп алуучуга берген сот буйругунун көчүрмөсү гана калат. Мыйзамда белгиленген бул жагдайлар жарандарга, сот ишин кароо өзгөчөлүгү жана эки тарап тарабынан талашсыз кыскартылган мөөнөттөр менен иш жүргүзүү бир топ женилдиги жакшы шарттары каралганы далилденип ийгиликтүү жагдайда иш жүзүнө ашырылууда.

**Адабияттар:**


1. Аргунов В.Н. Соттук буйрук жана аткаруучу. - М., 1996.
2. Решетняк В.И. Жарандык сот өндүрүшүндөгү соттук буйрук. - Москва,1995.
3. Треушников М.К. Гражданский процесс. - М., 2003.
4. Осмоналиева Н.Ж. Семейное право Кыргызской Республики. Учебно-методическое пособие. - Бишкек, 2011.
5. Кыргыз Республикасынын Конституциясы. - Бишкек, 27-июль 2010.
6. Кыргыз Республикасынын Жарандык Кодекси. - Б., 2005.
7. Кыргыз Республикасынын Жарандык-процесстик кодекси. - Бишкек, 2017-жыл, 1-июль.
8. Кыргыз Республикасынын “Сот аткаруучулардын статусу жана аткаруу өндүрүшү жөнүндө” Мыйзамы. - Бишкек, 2017-жыл, 1-июль.
9. Кыргыз Республикасынын Жарандык-процесстик кодексине илимий-тажрыйбалык комментарий. - Б., 2011-жыл.